# ММК фондунун 2024 жылы  жарандардын кайрылуулары боюнча жургүзүлгөн иштер

2024-жылы ММК фондуна жарандардан 31934 кайрылуу келип түшкөн, анын ичинде 113  Шыр байланышына– 29090 кайрылуу; ММК фондунун аймактык башкармалыктарына – 458 оозеки кайрылуу, кат жүзүндө – 927, коомдук кабылдамага каттагандар – 1218, электрондук - 241.

Кайрылуулардын негизги бөлүгү Мамлекеттик кепилдиктер программасынын алкагында медициналык кызмат алуу, кошумча төлөм төлөө, коронавирус, ММК полисин сатып алуу, жеңилдетилген дары-дармек менен камсыз кылуу, камсыздандыруу статусун текшерүү, гемодиализ кызматы ж.б. маселелер боюнча кеңеш суроо иретинде келип түшкөн кайрылуулар болуп эсептелет.

301 даттануу келип түштү, анын ичинде 185 (61,5%) тастыкталды. Бардык даттануулар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген мөөнөттө каралып чыкты.  Даттанууларды карап чыгуунун жыйынтыктары боюнча төмөнкүдөй чаралар көрулдү: 47 учурда сөгүш берилди; 83 учурда эскертүү берилди; 21 учурда материалдык колдоо алынып салынды; 34 учурда саламаттык сактоо уюмдарында талдоо жүргүзүлгөн, 9 учурда тоголок арыздар саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилерине маалымдалды; 6 медициналык кызматкер (өз каалоосу боюнча) иштен бошотулду, 2 медициналык кызматкер кызматтан бошотулду, кызматкерлери арасында, анын ичинде этика жана деонтологияны сактоо боюнча 25 учурда түшүндүрүү иш-чаралары жүргүзүлгөн. ММК фондунун кызматкерлери 92 учурда даттанууларды кароо боюнча комиссиянын ишине катышкан.